# Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2018-жылдын февраль айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы мамлекеттик казына векселдерин (мындан ары - МКВ) жайгаштыруу боюнча 4 аукцион өткөргөн. Мында, 6 айлык МКВ боюнча 2 аукцион катышуучулардын жетишсиз санына байланыштуу өткөрүлбөгөн катары таанылган, бирок 12 айлык МКВны жайгаштыруу боюнча аукцион өткөрүлгөн, анда сатуу көлөмү 6,1 пайыз орточо алынган чен боюнча 187,0 млн сомду түзгөн. 6 жана 12 айлык баалуу кагаздар боюнча жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү отчеттук мезгил ичинде 260,0 млн сомду (-13,3 пайызды) түзгөн. МКВга карата суроо-талаптын жалпы көлөмү 41,0 пайызга төмөндөө менен 222,0 млн сомду түзгөн. Мында, сатуу көлөмү 33,6 пайызга, 187,0 млн сомго чейин өскөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде бюджеттин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү -145,5 млн сомду түзгөн. Отчеттук айда Финансы министрлиги тарабынан 321,6 млн сом суммасында мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында жүгүртүүдө МКВлар көлөмү жыл башынан тартып 2,5 млрд сомго (-13,4 пайызга) чейин кыскарган. Ушуга байланыштуу МКВга негизги ээлик кылуучулар-коммерциялык банктардын үлүшү 1,2 п.п., 76,9 пайызга чейин кыскарган. Институционалдык инвесторлордун үлүшү тескерисинче 21,9 пайызга (+0,8 п.п.) чейин жана юридикалык жактардын – резиденттердин үлүшү – 1,2 пайызга (+0,5 п.п.) чейин жогорулаган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |
| 01.10.2017 | 3 312 900,0 | 2 586 486,5 | 78,1% | 710 779,5 | 21,5% | 0,0 | 0,0% | 15 634,0 | 0,5% |
| 01.11.2017 | 3 097 900,0 | 2 320 486,5 | 74,9% | 760 779,5 | 24,6% | 0,0 | 0,0% | 16 634,0 | 0,5% |
| 01.12.2017 | 2 980 950,0 | 2 284 826,5 | 76,6% | 674 779,5 | 22,6% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |
| 01.01.2018 | 2 922 450,0 | 2 284 826,5 | 78,2% | 616 279,5 | 21,1% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |
| 01.02.2018 | 2 682 450,0 | 2 119 068,5 | 79,0% | 536 300,0 | 20,0% | 0,0 | 0,0% | 27 081,5 | 1,0% |
| 01.03.2018 | 2 529 450,0 | 1 946 168,5 | 76,9% | 552 800,0 | 21,9% | 0,0 | 0,0% | 30 481,5 | 1,2% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 5,0 | 5,7 |
| Октябрь | 5,4 | - | 5,0 | 5,6 |
| Ноябрь | 5,4 | | 4,7 | 5,5 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2018 | 6,3 | - | - | 6,3 |
| Февраль | 6,1 | - | - | 6,1 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*